| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 10-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июлу **№ 10-1** Бел айылы

**Бел айылдык кеңешинин 2025-жылдын 5-февралындагы №5-4 сандуу токтомун жокко чыгаруу жөнүндө**

Бел айылдык кеңеши 2025-жылдын 5-февралындагы чыккан 5-4 сандуу Бел айыл аймагынын Кайрагач айылындагы Күнгөй бөлүмүнөн №283контурдагы 6,0га жр аянтына кум-шагыл майдалоочу жана бетон курулмаларды чыгаруучу ишкана куруу боюнча чыккан токтомду жокко чыгаруу боюнча карап чыгып, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айылдык кеңешинин 2025-жылдын 5-февралындагы №5-4 сандуу токтомун жокко чыгарууга макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укуктартибин сактоо, жарандардын укугун кызыкчылыгын коргоо” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 10-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июлу **№ 10-2** Бел айылы

**Бел айыл аймагынын Каракчы-Кол бөлүмүнөн 21,5га жер аянтын которуу (трансформациялоо) жөнүндө**

Бел айыл аймагынын Каракчы-Кол бөлүмүнөн суралган 21,5га жер аянтын кум-шагыл майдалоочу жана бетон курулмаларды чыгаруучу ишкана куруу боюнча маселени отурумда туруктуу комиссия карап чыгып айыл өкмөтүнүн кошумча билдирүүсүн угуп айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. “Мекен ынтымагы” ЖЧКнын арызы канааттандырылсын.
2. Бел айыл аймагынын Каракчы-Кол бөлүмүнөн кум-шагыл майдалоочу жана бетон курулмаларды чыгаруучу ишкана курууга суралган 21,5 жер аянтын которууга (трансформациялоого) жана 49 жылдык мөөнөткө ижарага берүүгө макулдук берилсин жана аткарууга алынсын.
3. Аталган жер аянты боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана жер адиси А.Абабакировго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “бюджет,экономика, муниципалдык менчик , айылчарбасы, инвестиция ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча” туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 10-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июлу **№ 10-3** Бел айылы

**Бел айылынын тургуну Сранчов Умардын арызын кароо жөнүндө**

Бел айылынын тургуну Сранчов Умардын 2025-жылдын 19-июнунда жазган арызын айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы,инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча” туруктуу комиссиясынын өткөргөнотурумунун чечимин угуп айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айылынын тургуну Сранчов Умардын арызы канааттандырылсын.
2. Бел айыл аймагынын Каракчы-Кол бөлүмүнөн жайыт жеринен суралган 0,30га жер аянтына кум-шагыл төгүп, тегиздетип иштетүүгө макулдук берилсин.
3. Каралган жерди көзөмөлдөп келишим жана башка иш кагаздарын тактоо жагы айыл өкмөтүнө жана “Бел” муниципалдык ишкананын жетекчиси Ж.Султановго жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “бюджет, экономика, айыл чарбасы, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 10-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 4-июлу **№ 10-4** Бел айылы

**Г.Эргешов жана "Кеңеш" орто мектебинин кыйылган теректеринин акчасын өздөрүн эсебин которуп берүү жөнүндө**

Бел айыл аймагынын Бел айылындагы Г.Эргешов жана Кайрагач айылындагы Кеңеш орто мектебинин жетекчилеринин маалыматын угуп, туруктуу комиссия карап чыгып талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагынын Бел айылындагы Г.Эргешов жана Кайрагач айылындагы Кеңеш орто мектебинин кыйылган теректеринин жалпы 240 000 (эки жүз кырк миң) сом акчасын мектептин өздөрүнүн эсебине которууга макулдук берилсин.
2. Акча каражаттарын мыйзам чегинде которуп берүү жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 11-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 8-августу **№ 11-1** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнө "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ААКсынан кызматтык унаа алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 07.07.2025 №633 тескемесине ылайык "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ААК 30.07.2025 №1-08-2/210сандуу катындагы, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын кызматтык авто унаа менен камсыздоо жөнүндөгү маалымат каты менен таанышып жана талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. " Мамлекеттик лизинг компаниясы" ААК 30.07.2025 №1-08-2/210сандуу катындагы, Жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдарын кызматтык авто унаа менен камсыздоо жөнүндөгү каты колдоого алынсын.
2. Белгиленген тартипте "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ААК менен юридикалык иш кагаздарын түзүү жагы айыл өкмөтүнүнбашчысы А.Эшматовго тапшырылсын.
3. Белгиленген тартипте лизинг боюнча төлөмдөрдү аткаруу үчүн айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен тиешелүү жылдарга акча каражатын ажыратуу боюнча иштерди алып баруу жагы Бел айыл өкмөтүнүн башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш" боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 12-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 10-сентябры **№ 12-1** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн башчысы Эшматов Адылбек Мүзүраимовичке ишенбөөчүлүк берүү жөнүндө**

Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) депутаттарынын өткөргөн сессиясынын жыйынтык чечимин талкуулап, айыл өкмөтүнүн башчысы Эшматов Адылбек Мүзүраимовичке “ишенбөөчүлүк” көрсөтүү боюнча сессияга катышкан 17 депутаттын ичинен 14 депутаттын бир добуштан макулдугуна негиз айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айылдык кеңешинин 10.09.2025 кезектеги 12-сессиясынын протоколунун чечими жактырылсын.
2. Сессиянын чечиминин негизинде Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким Э.Чакибаевге сунуш кат даярдалсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кеңешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 12-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 10-сентябры **№ 12-2** Бел айылы

**Бел айыл аймагынын Жаш айылынын көчолөрүн асфальттоого акча каражатын кароо жөнүндө**

Бел айыл аймагынын Жаш айылынын тургундарынын П.Сулайманов көчөсүн асфальттоого айыл өкмөтүнүн бюджетинен өздүк салымга акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү маселесин карап чыгып, маалыматын угуп жана талкуулап айылдык кеңеш токтом кылат:

1. Бел айыл аймагынын Жаш айылынын П.Сулайманов көчөсүн асфальттоого айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын бюджетинен өздүк салымга 500 000 (беш жуз миң) сом акча каражатын ажыратып берүүгө макулдук берилсин.
2. Жогоруда аталган маалыматтын долбоору “Ноокат өнүктүрүү фондуна” сунушталсын.
3. Токтомдун аткарылышын козөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет эеономика, муниципалдык менчик” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Бел айылдык кеңешинин (8-чакырылышынын) кезектеги он үчүнчү сессиясынын
**токтому**

2025-жылдын 10-октябры **№ 13-1** Бел айылы

**Кезектеги IV Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучуларын көрсөтүү боюнча чогулуштарды жана жыйындарды өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 22-сентябрындагы № 270 “Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” Жарлыгында белгиленген 2025-жылдын 22-23-декабрында өтүүчү Кезектеги IV Элдик Курултайга Бел айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү максатында, Элдик Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин 2025-жылдын 25-сентябрындагы №1 протоколунун чечимине негиз айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча жергиликтүүкоомдоштуктардын жыйыны Белайыл өкмөтүнүн имаратынынжыйындар залында 2025-жылдын 1-ноябрында саат 10:00дө өткөрүлсүн.
2. Бел айыл аймагынан Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын айылдын жашоочуларынын санына жараша катышуучулардын нормасы 80 болуп бекитилсин. Тиркеме№1
3. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын катышуучуларды көрсөтүү боюнча жергиликтүү жамааттын чогулуштарын жана жыйындарын өткөрүү графиги бекитилсин. Тиркеме№2
4. Жергиликтүү коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобунун курамы бекитилсин (мындан ары – жумушчу топ) .Тиркеме №3
5. Ар бир айылдын айыл башчыларына Жергиликтүү жамааттын өкүлчүлүктүү жыйындарын уюштурууга көмөк көрсөтүү жана айылдардагы жарандарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.
6. Жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүүдө керектелүүчү чыгымдарды кароо маселеси Бел айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жанакызыкчылыгын коргоо боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ураимов М.А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Бел айылдык кеңешинин (8-чакырылышынын) кезектеги он үчүнчү сессиясынын
**токтому**

2025-жылдын 10-октябры **№ 13-2** Бел айылы

**Которуу жана муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Бел айыл аймагынын Талды-Булак бөлүмүндөгү № 690 контурундагы 1,0га жер аянтын суу сактоочу резервуар куруу үчүн которуу жана муниципалдык менчикке алуу жөнүндөгү маселени карап чыгып, айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1.** Бел айыл аймагынын Талды-Булак бөлүмүндөгү № 690 контурунан 1,0га жер аянтына суу сактоочу резервуар куруу үчүн которуу жана муниципалдык менчикке алуу боюнча иш алып барылсын.
**2.** Жерди мыйзамдын негизинде карап, муниципалдык менчиктештирүү үчүн документ иштерин бүткөрүү жагы айыл өкмөт башчысы А,Эшматовго жана жер адистерине милдеттендирилсин.
**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин мыйзамдуулук,укук тартиби, курулуш, жана экология боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 13-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 13 -3** Бел айылы

**Кеңеш орто мектебинин өздүк салымындагы акча каражатын башка багытка өзгөртүү жөнүндө**

Бел айыл аймагындагы Кеңеш орто мектебининин ажатканасын жаңыдан куруу жөнүндөгү долбооруна өздүк салым үчүн каралган 175,000 (бир жүз жетимиш беш миң) сом акча каражатын аталган мектепке күйүүчү май менен иштетүүчү кыймылдаткыч жана насос алуу үчүн багытын өзгөртүү жөнүндөгү маселени сессияда депутаттар карап жана мектеп директорунун маалыматын угуп айылдык кеңеш **тотом кылат:**

1 . Кеңеш мектебинин өздүк салымдагы 175,000 (бир жүз жетимиш беш миң) сом акча каражатын беренелерге жылдырууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам чегинде башка бөлүмгө жылдыруу жана аткарууга алуу жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 13-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 10-октябры **№ 13-4** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын тогуз айлыгына карата бюджетине өзгөртүү жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин тогуз айлыгына карата түшкөн кирше жана чыгашаны карап, тактап айылдык кеңештин 13.01.2025ж №4-2 токтомуна толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндөгү маселени бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссия ФЭБ башчы жана айыл өкмөт башчысы менен биргеликте карап чыгып ,Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123-мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кайрагач айылынын А.Каратаев көчөсүнүнө бөлүнгөн 380 000 (үч жүз сексен миң) сом акча каражатын төмөнкү багыттарга которууга макулдук берилсин.
   - Маданият үйүнө – 95 000 (токсон беш миң) сом
   - Карагач айылынын Ш.Узаков көчөсүнө столбага- 55 000 (элүү беш миң) сом
   - Кайрагач айылынын тратуарларга трубаларга- 85 000 (сексен беш миң) сом
   - Аялдар кеңешинин семинарын өткөрүүгө- 45 000 (кырк беш миң) сом
   - Таш-Булак айылына суу түтүктөрүн алууга- 50 000 (элүү миң) сом
   - Кайрагач айылындагы тратуар плиталарына- 25 000 (жыйырма беш миң) сом
   - Күнгөй мектебине- 25 000 ( жыйырма беш миң) сом
2. Жогоруда көрсөтүлгөндөрдү аткарууга алуу жана каржылоо жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 13-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 10-октябры **№ 13-5** Бел айылы

**Г.Эргешов атындагы “Бел-Өрүк” орто мектебинин от казан бөлмөсүнөн чыккан чугун мештердин акчасын өздөрүнүн эсебине которуу жөнүндө**

Бел айыл аймагынын Бел айылындагы Г,Эргешов атындагы “Бел-Өрүк” орто мектебинин казан бөлмөсүнөн чыккан чугун мештердин эскилерин сатып, кайра мектептин ондоп түзөө иштерине иштетүү боюнча мектеп жамаатынын профсоюз уюмунун 2025-жылдын 5-октябрындагы №2протоколун айылдык кеңеш карап чыгып **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагынын Бел айылындагы Г.Эргешов атындагы “Бел-Өрүк” орто мектебинин казан бөлмөсүнөн чыккан чугун мештердин сатылган суммасы жалпы 75776 (жетимиш бешмиң жети жүз жетимиш алты) сом акча каражатын мектептин өздөрүнүн эсебине которуузга макулдук берилсин.
2. Акча каражаттарын мыйзам чегинде которуп берүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 14-1** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын тогуз айлыгына карата бюджетине өзгөртүү жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин тогуз айлыгына карата түшкөн кирше жана чыгашаны карап, тактап айылдык кеңештин 13.01.2025ж №4-2 токтомуна толуктоолор жана озгөртүүлөр киргизүү жөнүндөгү маселени бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссия ФЭБ башчы жана айыл өкмөт башчысы менен биргеликте карап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу жөнүндө” 2021-жылдын 20-октябрындагы №123-мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 2-пунктчасына ылайык айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин тогуз айлыгына карата киреш бөлүмүнө түшкөн **1100 000** (бир миллион бир жүз миң) сом акчаны төмөнкү багыттарга кароого макулдук берилсин
   - Ой-Талаа орто мектебине көмүр алууга – **200,0** (эки жүз миң) сом
   - Логистика (мөмө жемиш сактоочу муздаткыч) трансформатор алууга – **300,0** (үч жүз миң) сом
   - “Райхан”балдар бакчасына трансформатор алууга **-300,0** (үч жүз миң)
   - Айыл аймагындагы шайлоо участкаларына керектелүүчү буюмдарды алууга- **50,0 (**элүү миң) сом
   - Айыл өкмөтүнүн унаасына күйүүчү май үчүн- **20,0** (жыйырма миң) сом
   - Күнгөй мектебине суу киргизүүгө – **20,0 (**жыйырма миң) сом
   - Карлыгач каңды балдар бакчасына ремонт иштерине**- 40,0 (**кырк миң) сом
   - Таш-Булак айылына таза суу түтүктөрүн алууга- **50,0 (** элүү миң) сом
   - Башка бөлүмдөргө-1**20,0 (**бир жүз жыйырма миң) сом
2. Аткарууга алуу жана каржылоо жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 14-2** Бел айылы

**Бел айыл өкмөтүнүн 2025-жыл ичинде тендерден үнөмдөлгөн акча каражатын кароо жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн жыл ичинде берилген тендерлерден үнөмдөлүп калган 401 900 (төрт жүз бир миң тогуз жүз) сом акча каражатын кайрадан иштетүү жөнүндөгү маселени айылдык кеңеш карап чыгып, 109-беренеге негиз: Аткаруу процессинде республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарын кайра бөлүштүрүү боюнча **токтом кылат:**

**1.**Бел айыл өкмөтүнүн 2025-жыл ичинде берилген тендерлерден үнөмдөлүп калган акчанын ичинен 401 900 (төрт жүз бир миң тогуз жүз) сом акча каражатын кайрадан бөлүштүрүүгө макулдук берилсин.

**2**. Токтомду аткарууга алуу жана каржылоо жагы айыл өкмөт башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.

**3**.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 14-3** Бел айылы

**Кеңеш орто мектебинин айланасындагы кооптуу болгон бак-дарактарды кыюу жөнүндө**

Бел айыл аймагынын Кайрагач айылында жайгашкан Кеңеш орто мектебинин айланасындагы кооптуу болгон бак-дарактарды кыюу жөнүндөгү Кеңеш орто мектебинин жамаатынын 2025-жылдын 1-ноябрында өткөрүлгөн жыйындын протоколун протоколунун сессияда карап чыгып талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Кеңеш орто мектебинин 2025-жылдын 1-ноябрында өткөрүлгөн педкеңешменин протоколу жактырылсын.
2. Бак-дарактарды кыюуда коопсуздугун карoo жана мыйзамдын негизинде иш жүргүзүү жагы мектеп директору А.Мамазаитовага жана айыл өкмөтүнүн орун басарынын милдетинин аткаруучу Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышынкөзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укуктартибин сактоо, архитектура, курулуш, экология” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 14-4** Бел айылы

**Ой-Талаа орто мектебинин айланасындагы кооптуу болгон бак-дарактарды кыюу жөнүндө**

Бел айыл аймагынын Кайрагач айылында жайгашкан Ой-Талаа орто мектебинин айланасындагы кооптуу болгон бак-дарактарды кыюу жөнүндөгү Кеңеш орто мектебинин жамаатынын 2025-жылдын 6-сентябрындагы өткөрулгөн жыйындын протоколунун сессияда карап чыгып талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Ой-Талаа орто мектебинин 2025-жылдын 6-сентябрында өткөрүлгөн пед кеңешмесинин протоколу жактырылсын.
2. Бак-дарактарды кыюуда коопсуздугун кароо жана мыйзамдын негизинде иш жүргүзүү жагы мектеп директору К.Эрдөөлатовага жана айыл өкмөтүнүн орун басарынын милдетинин аткаруучу Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укуктартибин сактоо, архитектура, курулуш, экология” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 14-5** Бел айылы

**Бел айылаймагы боюнча Ош жана Ноокат региондорду өнүктүрүү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы жөнүндө**

Бел айыл аймагынын айылөкмөтүнүн башчысы А.Эшматовдун 2026-жылга карата болжолдуу курулуш обьектилери боюнча Ош жана Ноокат региондорду өнүктүрүү фондуна сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы жөнүндөгү билдирүүсү менен таанышып жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” жөнүндө мыйзамынын 34-беренесине жана айылдык кеңештин “ экономика, бюджет, ишкердик иш, муниципалдык менчик жана экология” боюнча туруктуу комиссиясынын чечимине негизайылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагы боюнча Ош жана Ноокат региондорду өнүктүрүү фондуна сунушталып жаткан долбоорлордун жергиликтүү бюджеттен каржылануучу өздүк салымынын жалпы суммасы 1709766 ( бирмиллион жети жүз тогуз миң жети жүз алтымыш алты) сом болуп бекитилсин жана ар бир обьекттер боюнча төмөнкүдөйболуп ажыратылсын.
   - Бел айылындагы Г.Эргешов орто мектебинин айланасына тосмо жасоого 240500 сом:
   - Бел айыл аймагына караштуу Кайрагач айылындагы Кеңеш орто мектебине жаңыдан ажаткана куруу долбооруна 175500 сом;
   - Белайылаймагындагы таштандыларды ташып, тазалоо үчүнатайын техника сатып алуу долбооруна 585 000 сом;
   - Кайрагач айылындагы У.Акматова көчөсүн асфальттоо долбооруна 708766 сом;
2. Белгиленген акча каражаттарын мыйзам чегинде өз мөөнөтүндө ажыратып берүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 14-6** Бел айылы

**Бел айыл аймагы боюнча дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы жөнүндө**

Бел айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Эшматовдун 2026-жылга карата болжолдуу курулуш обьектилери боюнча дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы жөнүндөгү билдирүүсү менен таанышып жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” жөнүндө мыйзамынын 34-беренесине жана айылдык кеңештин “ экономика, бюджет, ишкердик иш, муниципалдык менчик жана экология” боюнча туруктуу комиссиясынын чечимине негиз айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Бел айыл аймагы боюнча дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун жергиликтүү бюджеттен каржылануучу өздүк салымынын жалпы суммасы 1685 065 ( бирмиллион алты жүз сексен беш миң алтымыш беш ) сом болуп бекитилсин жана ар бир обьекттер боюнча төмөнкүдөйболуп ажыратылсын.
   - Бел айыл өкмөтүнүн Жаш айылындагы “Карлыгач-Каңды” мектепке чейинки билим берүү мекемесинин имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүгө-648 628,05 сом;
   - Бел айылындагы Сражидинова Канзада ажы эне атындагы “Райхан” мектепке чейинки билим берүү мекемесинин имаратынын кошумча конализациясын, пожарныйга суу кампасын, суу түшкөнсептиктерин жаңыдан ремонттоо жумуштарын жургузүүгө- 577592,25;
   - Бел айыл аймагынын Кайрагач айылындагы “Кеңеш” орто мектебинин спорт залын капиталдык ремонттон өткөрүү- 458 844,30 сом ;
2. Белгиленген акча каражаттарын мыйзам чегинде өз мөөнөтүндө ажыратып берүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Эшматовго жана ФЭБ башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ОШ ОБЛУСУ НООКАТ РАЙОНУ БЕЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ НООКАТСКИЙ РАЙОН БЕЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Бел айылдык кенешинин (сегизинчи чакырылышынын) кезексиз 14-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 13-ноябры **№ 14-7** Бел айылы

**Бел айылдык кеңешинин төрагасына айлык акы төлөө жөнүндө**

Бел айылдык кеңешинин төрагасына 2025-жылдын 3-4 кварталында өткөргөн жалпы 5 (беш) сессиясы үчүн Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” жөнүндө мыйзамынын 40-берене 6-пунктуна таянып, айыл өкмөт башчысынын бир күндүк эмгек акысы өлчөмүндө айлык акы төлөп берүү жагын карап чыгып, айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1**. Бел айылдык кеңешинин төрагасына 2025-жылдын 3-4 кварталында жалпы 5 жолу өткөрүлгөн ар бир сессиясы үчүн айыл өкмөт башчысынын бир күндүк эмгек акысы өлчөмүндө эмгек акы төлөнүп берилсин.

**2**. Көрсөтүлгөн акча каражатын мыйзам чегинде төлөп берүү жагы айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Сайдаматовго милдеттендирилсин.

**3**.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин “мыйзамдуулук, укуктартибин сактоо, архитектура, курулуш, экология” боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ураимов**